**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Токмок шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Токмок шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, ошондой эле, шаардын муниципалдык ишканаларынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

# ОТЧЕТ

**Жооптуу тараптар жана аудит объектилери**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап болуп Токмок шаарынын мэриясы эсептелет, аудит объектилери болуп – Токмок шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана шаардын муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлери боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- Токмок шаардык бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- финансы-чарбалык ишине аудит (муниципалдык ишканалар үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;

- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;
- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы ондоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;
- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор

боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Токмок шаарынын мэриясында, анын түзүмдүк бөлүнүштөрүндө жана шаардын муниципалдык ишканаларында жүргүзүлдү.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары,Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, аудиттерди жүргүзүү үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн аудит объектеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Токмок шаарынын бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышынын, Токмок шаарынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышынын, ошондой эле, муниципалдык ишканалардын ишинин аудиттеринин алкагында:

Аныкталган финансылык бузуулар, бардыгы – **10 326,6** миң сом, анын ичинде:

- каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кемчиликтер – 9 919,0 миң сом, анын ичинде:
  - эмгек акыны негизсиз төлөөлөр -2 620,9 миң сом;
  - курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 645,9 миң сом;

• эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 6 652,2 миң сом;

- бюджеттин кошумча чегерилген кирешелери – 263,4 миң сом, анын ичинде:
  • салык жана бажы мыйзамдарынын бузулушу – 87,2 миң сом;
  • бюджетке которулууга тийиш болгон ижара акысы – 176,2 миң сом.
- Соц.фонддун кошумча чегерилген кирешелери – 144,2 миң сом.

Аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-1 870,6** миң сом, анын ичинде:

• эмгек акы төлөөдөгү бузуулар – 493,7 миң сом;

• бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары – 1 376,9 миң сом;

Аныкталган рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **2,4 миң сом**, анын ичинде:

• ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептеги каражаттар – 2,4 миң сом.

Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык бузуулар – **240,3 миң сом.**

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча сунуштамаларынын аткарылышы**

2020- жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Токмок шаарынын бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, Токмок шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган, бардыгы:

- финансылык бузуулар – **26 085,8 миң сом;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары – **6 968,1 миң сом;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **101,1 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарын боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшү тарабынан Токмок шаарынын мэриясына 2022-жылдын 2-июнундагы №01-8/153 жазма буйругу жиберилген.

Мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн жазма буйруктун аткарылышын талдоо, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун, жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнун 2-пунктун бузуу менен, Эсептөө палатасынын жазма буйругу толук аткарылган эмес, мында, аныкталган айрым бузуулар 2022-жылы да орун алган.

Алсак, Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын аткарылбагандыгы, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарын бузуу менен шаардык бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү фактылары кайрадан аныкталган.

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 5 033,4 миң сом суммасында финансылык бузуулардын ичинен 910,0 миң сом гана калыбына келтирилген. Демек, **4 093,4** миң сом калыбына келтирилген эмес, танын ичинде:

- "Токмок Сууканал" МИ – 3 701,5 миң сом (материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 2 681,4 миң сом; курулуш-куроо иштеринин көлөмүн жогорулатуу – 208,6 миң сом; эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыздар – 1 050,1 миң сом);

– Токмок шаарынын ММБ-391,9 миң сом (курулуш-куроо иштеринин көлөмүн жогорулатуу).

Мындан тышкары, Токмок шаарынын мэриясы тарабынан бюджеттин резервдери жана жоготуулары калыбына келтирилген эмес:

- "Токмок сууканал" муниципалдык ишканасынан ишкананын кредиттик милдеттенмелерин төлөөгө жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 1 802,0 миң сом өндүрүлгөн эмес;

- соттун чечимине ылайык, жергиликтүү бюджеттен төлөнгөн 426,4 миң сом регресстик тартипте өндүрүлгөн эмес.

Ошондой эле, Токмок шаарынын мэриясы тарабынан мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча 38,5 миң сомду (негизсиз эсептен чыгарылган акча каражаттары) өндүрүү боюнча чаралар көрүлө элек.

**Токмок шаарынын 2022-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 7 млрд.356,1 млн. сомду түзгөн, бул 2021-жылдын көрсөткүчүнөн (7 млрд. 906,0 млн. сом) 549,9 млн. сомго аз. Номиналдык өсүү темпи 93,0% түзгөн. Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча физикалык көлөмдүн индекси 92,8% түзгөн.

Физикалык көлөмдүн индексине өнөр жай инфляциясы таасир эткен. Мисалы, өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 105,3%, ал эми керектөө товарларына баалардын индекси 178,8% жогорулаган.

Өткөн жылга салыштырмалуу продукция өндүрүүнүн өсүү темпи тамак – аш өнөр жайында – 103,0%, текстиль тармагында – 115,0%, химиялык тармакта – 182,9% жана негизги металлдарды өндүрүүдө-109,3% белгиленген. Өсүү темпинин төмөндөшү фармацевтика тармагы боюнча – 57,4%, жыгач жана кагаз буюмдарын өндүрүү боюнча – 77,6% болгон.

2022 – жылы капиталдык салымдардын көлөмү 873,4 млн.сомду түзгөн, бул өткөн жылдын көрсөткүчүнөн 139,3 млн. сомго көп (2021-жылы-734,1 млн. сом), өсүү темпи 118,9% түзгөн.

Отчеттук мезгилде жалпы аянты 8,7 миң чарчы метр 59 жеке турак жай пайдаланууга берилген, бул 2021-жылдын көрсөткүчүнөн 15 үйгө көп.

Шаардын транспорт уюмдары жана жеке ишкерлер тарабынан 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 656,1 миң тонна жүк ташылган, же 2021-жылдын деңгээлине карата (651,0 миң тонна)100,8%. Жүк жүгүртүү 23,5 млн.т/км түзгөн, же 2021-жылдын деңгээлине карата 100,9% (23,3 млн. т/км). Жүргүнчүлөрдү ташуу 87,4 млн.пасс/км. Түзгөн, же 2021-жылдын деңгээлине карата (83,6 млн. пасс/км).104,5%

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү 10 933,9 млн.сомду түзгөн, мында иш жүзүндөгү бааларда өсүү темпи 178,8% түзгөн.

Экономикалык иштин түрлөрү боюнча акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 653,1 млн.сомду түзгөн, иш жүзүндөгү бааларда өсүү темпи өткөн жылдын деңгээлине карата 125,7% түзгөн.

2022-жылы ЧОБ субъекттеринин өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 1 743,7 млн.сомду түзгөн, бул 2021-жылдын деңгээлинен (1 587,6 млн. сом)156,4 млн. сомго көп. Өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу өсүү темпи 114,7% түзгөн.

Отчеттук мезгилде 3 объект пайдаланууга берилген, анын ичинде: 2 телефон станциясы жана административдик кеңсе. 20 жаңы жумуш орундары түзүлгөн.

Банктар жана микрокредиттик компаниялар 10 954 зайымчыларга 1 486,2 млн.сом суммасында микрокредит беришкен, өткөн жылга салыштырмалуу 504 адамга көп насыя алышкан, мында жалпысынан 587,4 млн. сомго аз.

**Токмок шаарынын 2022-жылга бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

2022-жылга бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү алгач Токмок шаардык кеңешинин жыйынында 2022-жылдын 28-январындагы №30/9-5 токтому менен бекитилген, мында болжолдонгон кирешелердин жана чыгашалардын суммасы 271 193,8 миң сом өлчөмүндө бекитилген, анын ичинде салыктык кирешелердин түшүүсү 232 985,5 миң сом суммасында каралган, салыктык эмес кирешелердин түшүүсү 34 908,3 миң сом суммасында бекитилген, активдер жана милдеттенмелер 3 300 миң сом.

Жыл ичинде киреше бөлүгү 288 764,4 миң сомго такталган.

2022-жылдын жергиликтүү бюджетинин иш жүзүндөгү кирешелери республикалык бюджеттен 53 302,3 миң сом суммасында максаттуу трансферттерди эсепке албаганда, 308 707,1 миң сом суммасында камсыз кылынды, же кирешелер боюнча такталган бюджетке салыштырганда план 106,9% аткарылган, же ашыкча аткаруу 19 942,7 миң сомду түзгөн.

Түшүүлөрдүн булактары боюнча Салыктык кирешелер боюнча пландын иш жүзүндөгү түшүүлөрү 269 994,3 миң сомду түзгөн, бул такталган бюджетке салыштырмалуу 107,8% түзөт же ашыкча аткаруу 19 438,2 миң сомду түзгөн.

Салыктык эмес кирешелер боюнча иш жүзүндөгү түшүүлөр 35 571,4 миң сом суммасында камсыздалган же түшүүлөрдүн такталган планы 101,9% аткарылган, же пландалгандан 663,1 миң сомго көп түшкөн.

Атайын эсептин каражаттары боюнча иш жүзүндөгү түшүүлөр 19 021,2 миң сом суммасында камсыздалган же түшүүлөрдүн такталган планы (22 133,6 миң сом) 85,9% аткарылган, же пландалгандан 3 092,4 миң сомго аз түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде эки жолудан ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси-учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси-1-ноябрына чейин", деп каралган 115- беренесинин 4- пунктун бузуу менен, Токмок шаардык кеңешинин 2022-жылдын 20-майындагы №52/13-5; 2022-жылдын 19-сентябрындагы №73/16-5; 2022-жылдын 30-сентябрындагы №77/17-5; 2022-жылдын 3-ноябрындагы №83/18-5; 2022-жылдын 9-декабрындагы №98/19-5; 2022-жылдын 27-декабрындагы №108/20-5 токтомдору менен бекитилген бюджетке өзгөртүүлөр жана толуктоолор 6 жолу киргизилгендигин белгилей кетүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 27-декабрындагы №14-2/15667 Токмок шаарынын бюджетине түзөтүү киргизүү жөнүндө катынын негизинде, бюджеттин киреше бөлүгү 17 570,6 миң сомго көбөйтүлгөн жана республикалык бюджеттен 53 302,3 миң сом суммасындагы трансферттерди кошкондо, 342 066,7 миң сом суммасында бекитилген,.

Токмок шаарынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн акыркы планы, 53 302,3 миң сом суммасында максаттуу трансферттерди эсепке албаганда, 288 764,4 миң сом суммасында такталган, бул алдын ала бекитилген бюджеттен 17 570,6 миң сомго көп.

Бюджеттин киреше бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы жөнүндө отчеттук маалыматтар бекитилген бюджеттен тактоолор менен 342 066,7 миң сом суммасында түзүлгөн, анын ичинде республикалык бюджеттен трансферттер 53 302,3 миң сом.

Алсак, 2022-жылга жергиликтүү бюджеттин жалпы киреше бөлүгү расмий трансферттерди жана атайын эсептин каражаттарын эске алуу менен 105,8% аткарылган, 342 066,7 миң сом суммасында такталган планда, иш жүзүндө аткаруу 362 009,4 миң сом суммасында камсыздалган, же пландаштырылгандан 19 942,7 миң сомго көп түшкөн.

2022-жылдын жергиликтүү бюджетинин иш жүзүндөгү кирешелери республикалык бюджеттен 53 302,3 миң сом суммасындагы максаттуу трансферттерди эсепке албаганда, 308 707,1 миң сом суммасында аткарылган.

Түшүүлөрдүн булактары боюнча, салыктык кирешелердин иш жүзүндөгү түшүүлөрү 269 994,3 миң сомду түзгөн, бул такталган бюджетке салыштырмалуу 107,8% түзөт, же план 9 438,2 миң сомго ашыкча аткарылган.

Салыктык эмес кирешелер боюнча иш жүзүндөгү түшүүлөр 35 571,4 миң сом суммасында аткарылган, такталган бюджет 101,9% аткарылган же 663,1 миң сомго ашыкча аткарылган.

Атайын эсептин каражаттары боюнча иш жүзүндө түшүүлөр 22 133,6 миң сомду түзгөн, түшүүлөрдүн такталган планы 86,0% аткарылган, же 3 092,4 миң сомго аз түшкөн.

Салыктарды чогултуу боюнча пландык көрсөткүчтөр салыктардын жана төлөмдөрдүн төмөнкү түрлөрү боюнча аткарылган эмес:

– милдеттүү патенттин негизиндеги салык-67,1%, же 80,2 миң сомго аткарылган эмес;

– ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык-39,5 %, же 11 740,7 миң сомго аткарылган эмес;

– 2-топтогу ишкердикти ишке ашыруу үчүн пайдаланылуучу кыймылсыз мүлк салыгы-95,7%, же 610,4 миң сомго аткарылган эмес;

- 3 – топтогу ишкердикти ишке ашыруу үчүн пайдаланылуучу кыймылсыз мүлк салыгы-88,8%, же 33,7 миң сомго аткарылган эмес;

- юридикалык жактардын транспорт каражаттарына салык – 64,8 %, же 641,8 миң сом түшкөн эмес;

- короо жанындагы жана багбанчылык-огороддук жер участокторун пайдалангандык үчүн жер салыгы-87,3%, же 526,4 миң сомго аткарылган эмес;

- автотранспортту токтотуучу жай жана токтотуу үчүн жыйым-96 %, же 30,0 миң сомго аткарылган эмес;

– айыл чарбасына жараксыз жерлерди сатуу-95,2 %, же 158,6 миң сомго аткарылган эмес.

**Токмок шаарынын 2022-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы**

2022-жылдын 28-январындагы Токмок шаардык Кеңешинин №30/9-5токтому менен, жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү 271 193,8 миң сом суммасында бекитилген, Токмок шаардык Кеңешинин 2022-жылдын 28-январындагы №30/9-5 токтому менен бюджеттин чыгашасы жыл башына карата бюджеттик каражаттардын 33,7 млн.сомду түзгөн эркин калдыгына көбөйтүлгөн, же бюджеттин чыгаша бөлүгү 353 598,7 миң сом суммасында такталган, анын ичинде республикалык бюджеттен 53 302,3 миң сом суммасында максаттуу трансферттер.

Ошондой эле, ушул эле токтом менен жыл башына карата 33,7 млн.сом суммасындагы бюджеттик каражаттардын эркин калдыгы жана аны бөлүштүрүү бекитилген.

Жогоруда белгиленгендей, 2022-жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, бекитилген бюджетке 6 жолу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Алсак, Токмок шаардык кеңешинин 09.12.2022-жылдын 9-декабрындагы №98/19-5 токтому менен, бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү 40 142,6 миң сомго көбөйтүлгөн (республикалык бюджеттен субсидиялар).

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 27-декабрындагы №14-2/15667 Токмок шаарынын бюджетине түзөтүү киргизүү жөнүндө катынын негизинде, Токмок шаардык кеңешинин 2022-жылдын 27-декабрындагы №108/20-5 токтому менен, шаардык бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү 17 570,6 миң сомго көбөйтүлгөн.

Киргизилген өзгөртүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2022-жылга шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгү 376 328,7 миң сом суммасында каралган, кассалык чыгаша 359 056,0 миң сом суммасында жүргүзүлгөн же план 95,4% аткарылган, анын ичинен:

- атайын эсептин каражаттары боюнча – 22 730,0 миң сом такталган план боюнча, кассалык чыгаша 19 495,7 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, пландалгандан 3 234,3 миң сомго аз аткарылган, же 85,8 %;

- бюджеттик каражаттар боюнча-353 598,7 миң сом такталган планда, эркин каражаттардын жана трансферттердин калдыктарын эске алуу менен, кассалык чыгашалар 339 560,3 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, пландалгандан 14 038,4 миң сомго аз же аткаруу 96,0% түзгөн.

Бөлүмдөр боюнча бюджеттик каражаттардын (активдерди эсепке алуу менен) чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы төмөнкү маалыматтар менен мүнөздөлөт:

- 701 "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" бөлүмү боюнча 57 268,0 миң сом такталган планда, бюджеттик каражаттар 54 835,6 миң сом суммасында өздөштүрүлгөн;

- 702 "Коргоо" бөлүмү боюнча 1 728,6 миң сом такталган планда, 1 723,2 миң сом каржыланган;

- 703 "Коомдук тартип жана коопсуздук" бөлүмү боюнча, 337,8 миң сом такталган планда, кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн эмес;

- 706 "ТЖКЧ" бөлүмү боюнча, 204 823,2 миң сом такталган планда, 196 827,1 миң сом өздөштүрүлгөн.

- 708 "Эс алуу жана маданият" бөлүмү боюнча 26 856,9 миң сом такталган планда, 25 008,7 миң сом өздөштүрүлгөн. Ошондой эле, атайын эсептин каражаттары боюнча такталган план 1 559,8 миң сом болсо, кассалык чыгаша 538,2 миң сомго жүргүзүлгөн;

- 709 "Билим берүү" бөлүмү боюнча 58 443,0 миң сом такталган планда, аткаруу 56 941,7 миң сомду түзгөн. Ошондой эле, атайын эсептин каражаттары боюнча 20 832,4 миң сом такталган планда, кассалык чыгаша 18 957,5 миң сомго жүргүзүлгөн;

- 710 "Социалдык коргоо" бөлүмү боюнча такталган план 4 419,1 миң сом болсо, чыгашалар 4 164,0 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

Шаардык бюджеттин каражаттарынын беренелер боюнча чыгымдалышы төмөнкү маалыматтар менен мүнөздөлөт:

– эмгек акы, Социалдык фондго чегерүүлөр, тамактануу, дары-дармектер, стипендия жана калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар боюнча милдеттенмелерди төлөөгө чыгымдардын 72 208,6 миң сом суммасында такталган сметасында, кассалык чыгымдар 68 649,6 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, же чыгымдардын жалпы суммасынан 20,2%;

- коммуналдык кызмат көрсөтүүчүлөргө карызды төлөөгө чыгымдардын 40 805,7 миң сом суммасында такталган сметасында (суу, электр энергиясы, жылуулук энергиясы, байланыш кызматтары үчүн акы), кассалык чыгымдар 40 177,0 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, же жалпы кассалык чыгымдардын 11,8%;

- 311-беренелер тобуна чыгымдардын 95 110,4 миң сом такталган сметасында, кассалык чыгашалар 91 222,9 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

Жыл ичинде, Токмок шаардык кеңешинин чечимдеринин негизинде "Токмок суу канал" муниципалдык ишканасы тарабынан 23 374,1 миң сом өлчөмүндө (алардын ичинен 4 311,5 миң сом 2022-жылдын ичинде кайтарылган), Токмок шаарынын муниципалдык мүлк башкармалыгы аркылуу "Токмок коммуналдык ишканалар комбинаты" ишканасына 5 478,9 миң сом (алардын 800,0 миң сому 2022-жылдын ичинде кайтарылган) жана "Токмок тазалык" ишканасына 1 051,5 миң сом өлчөмүндө акча каражаттары бөлүнгөн.

Жыл ичинде шаардык бюджеттен бюджеттин башка деңгээлинде турган мекемелер 3 646,3 миң сом суммасында каржыланган, анын ичинде:

- Токмок шаарынын МСКБ – 1 193,5 миң сом;
- аскер комиссариаты - 1 723,2 миң сом;
- жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча бөлүмү – 92,0 миң сом;
– Токмок шаарынын ЖДПБ-60,0 миң сом.

2022-жылдын ичинде 2823 “сот чечимдерин аткаруу" беренеси боюнча 577,6 миң сомду түзгөн кассалык чыгашалар жүргүзүлгөн. Чүй облустук сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2020-жылдын 24-февралындагы №ЭД -429/19-МЧ-С1 чечимин аткаруу үчүн, жергиликтүү бюджеттен "Токмок сууканал" муниципалдык ишканасына Чүй-Токмок билим берүү бөлүмүнүн 546,2 миң сом суммасында карызы жана 31,4 миң сом суммасында мамлекеттик алым, бардыгы 577,6 миң сом төлөнгөн.

2023-жылдын 1-январына карата шаардын бюджеттик уюмдарынын дебитордук карызы 28 244,6 миң сомду түздгөн, анын ичинен 2511 "Финансылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар" беренеси боюнча – 24 662,9 миң сом, 3111 "Имараттар жана курулмалар" беренеси боюнча – 3 000,0 миң сом, "Коммуналдык кызматтар" беренеси боюнча – 310,6 миң сом ж. б.

2023-жылдын 1-январына карата шаардын бюджеттик уюмдарынын кредитордук карызы 10 452,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен "Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр" беренеси боюнча – 8 139,5 миң сом, 22152 "Мүлктүн абалын күтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр" беренеси боюнча – 1 359,8 миң сом, 2221 "Мүлктү учурдагы оңдоо" беренеси боюнча – 844,5 миң сом ж. б.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, Токмок шаарынын 2022-жылга бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

**Токмок шаарынын бюджети**

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинин 5-бөлүгүн бузуу менен, Токмок шаарынын 2022-жылга Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы "кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-июнунан кечиктирилбестен" бекитилүүгө тийиш болсо, 2022-жылдын 11-февралында бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-июнунан кечиктирилбестен Токмок шаардык кеңешинин бекитүүсүнө сунушталсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду:**

Токмок шаардык кеңешинин 2022-жылдын 11-февралындагы № 31/10-5 токтомун бузуу менен, Токмок шаарынын 2022-жылга Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы толук аткарылган эмес. Алсак, 2022-жылы жалпы бюджети 4 млрд.398,4 млн. сом өлчөмүндө 34 долбоорду ишке ашыруу каралган, бирок 278,2 млн. сом суммасында 24 долбоор ишке ашырылган же өздөштүрүү болгону 6,9% түзгөн.

**Сунуштама:**

Токмок шаарынын Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы Токмок шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн бардык багыттарын деталдуу изилдегенден кийин, Кыргыз Республикасынын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы жана республикалык бюджеттен максаттуу трансферттерди бөлүү жөнүндө болжолдонгон маалыматтар, ошондой эле, донорлордун каражаттарынын эсебинен, Токмок шаарынын аймагында эл аралык долбоорлорду ишке ашыруу жөнүндө болжолдор менен тыгыз байланышта, экономиканын тармактарынын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде түзүлсүн.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду:**

Токмок шаардык кеңешинин 2022-жылдын 11-февралындагы №31/10-5 токтомун бузуу менен, 2022-жылы экономика тармактарын өнүктүрүү боюнча каралган иш-чаралар аткарылган эмес. Айрым тармактар боюнча каралган бюджет жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан, ошондой эле, каржылоонун тышкы булактарынын каражаттарынан өздөштүрүлбөй калган, анын ичинде:

- өнөр жай – инвестициялык каражаттардын жана ишканалардын өздүк каражаттарынын эсебинен 3 311,1 млн. сом суммасында 3 долбоор каралган, бирок бир дагы долбоор өздөштүрүлгөн эмес;

- чакан жана орто бизнес – 122,7 млн. сом бекитилген бюджетте, 20,0 млн. сом (16,3%) өздөштүрүлгөн;

- санариптештирүү - 3,5 млн. сом каралса, болгону 1,0 млн. сом (28,6%)өздөштүрүлгөн;

– билим берүү-447,1 млн. сом суммасында бекитилген бюджетте, болгону 39,4 млн. сом (8,8%) өздөштүрүлгөн;

- турак жай-коммуналдык чарба-ишканалардын өздүк каражаттарынын эсебинен 2 долбоор каралган, бирок бир дагы долбоор ишке ашкан эмес;

- ӨКМ – 8,0 млн. сом суммасындагы бекитилген бюджетте, жергиликтүү бюджеттин эсебинен сумма өздөштүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Токмок шаарын Социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн ар жылдык программасын ишке ашыруу боюнча, экономиканын бардык тармактары боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн. Экономика тармактарын өнүктүрүү программасы шаардын бюджетинин болжолдонгон кирешелерин аткаруунун реалдуу көрсөткүчтөрүнө, өнөр жайдын, курулуштун өндүрүштүк көрсөткүчтөрүнө, ошондой эле, калкка кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө жараша түзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде эки жолудан ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси-учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси-1-ноябрына чейин", деп каралган 115- беренесинин 4- пунктун бузуу менен, Токмок шаардык кеңешинин 2022-жылдын 20-майындагы №52/13-5; 2022-жылдын 19-сентябрындагы №73/16-5; 2022-жылдын 30-сентябрындагы №77/17-5; 2022-жылдын 3-ноябрындагы №83/18-5; 2022-жылдын 9-декабрындагы №98/19-5; 2022-жылдын 27-декабрындагы №108/20-5 токтомдору менен бекитилген бюджетке өзгөртүүлөр жана толуктоолор 6 жолу киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жогоруда белгиленгендей, салыктык кирешелердин иш жүзүндөгү түшүүлөрү 269 994,3 миң сомду түзгөн, бул такталган бюджетке салыштырмалуу 107,8% түзөт, же план 19 438,2 миң сомго ашыкча аткарылган.

Ошол эле учурда, киреше бөлүгүнүн пландык көрсөткүчтөрү салыктардын төмөнкү түрлөрү боюнча аткарылган эмес:

- ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык-39,5 %, же 11 740,7 миң сомго аткарылган эмес;

- юридикалык жактардын транспорт каражаттарына салык – 64,8 %, же 641,8 миң сом түшкөн эмес;

– милдеттүү патенттин негизиндеги салык-67,1%, же 80,2 миң сомго аткарылган эмес;

- короо жанындагы жана багбанчылык-огороддук жер участокторун пайдалангандык үчүн жер салыгы-87,3%, же 526,4 миң сомго аткарылган эмес ж.б.;

**Сунуштама:**

Мындан ары, Токмок шаарынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн планында каралган түшүүлөрдү толук көлөмдө камсыз кылуу боюнча таасирдүү чаралар көрүлсүн. Бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолун түзүү жана пландаштыруу жергиликтүү бюджеттин киреше потенциалын, бардык болгон резервдерди жана булактарды кылдат талдоону эске алуу менен жүргүзүлсүн.

**6. Критерийлердин бузулушу жөнүндө тыянак:**

Чүй облустук сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2020-жылдын 24-февралындагы №ЭД -429/19-МЧ-С1 чечимин аткаруу үчүн, жергиликтүү бюджеттен "Токмок сууканал" муниципалдык ишканасына Чүй-Токмок билим берүү бөлүмүнүн 546,2 миң сом суммасында карызы жана 31,4 миң сом

суммасында мамлекеттик алым, бардыгы **577,6** миң сом төлөнгөн. Бул чыгымдар шаардык бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

577,6 миң сом суммасында шаардык бюджеттин жоготуусуна алып келген Токмок шаарынын №12 орто мектебинин кызмат адамдарына карата доо арыз менен сот органдарына кайрылуу маселеси каралсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Чымылдаков.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканаларынын иштери, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Токмок шаарынын мэриясы**

Токмок шаарынын мэриясынын аппаратынын 2022 – жылга чыгашалар сметасы 28 259,3 миң сомго бекитилип, өзгөртүүлөрдү эске алуу менен 48 155,2 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 46 967,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 19 185,2 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун, жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес:

- 1.5.2. Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча калыбына келтирилбеген 38,5 миң сом (негизсиз эсептен чыгарылган акча каражаттары) күнөөлүү адамдардын эсебинен бюджетке калыбына келтирилген эмес.
- 1.5.7. Соттун чечимине ылайык, жергиликтүү бюджеттен төлөнгөн 426,4 миң сом регресстик тартипте өндүрүлгөн эмес.
- 1.5.8. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузуу уланууда.
- 1.5.9. "Токмок шаарындагы суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо" долбоорунун эсебин ачуу үчүн насыянын суммасынан 1% төлөөгө жумшалган 1 802,0 миң сом "Токмок суу канал" муниципалдык ишканасынан өндүргөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыздалсын. Мурдагы аудиттердин жыйынтыгктары боюнча бузуулардын суммалары кыска мөөнөттө бюджетке калыбына келтирилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган кызматкерлер кабыл алынган, аларга **671,0** миң сом негизсиз төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 98,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин талаптары так жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 токтому менен бекитилген Облустук маанидеги шаарлардын мэрияларынын аппараттарынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бузуу менен, штаттык ырааттамага штаттан тышкары кассирдин кызмат орду киргизилген, аны күтүүгө **233,1** миң сом негизсиз төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 34,3 миң сом.

**Сунуштама:**

Токмок шаарынын мэриясынын штаттык ырааттамасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарына шайкеш келтирилгендиги эске алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте, 2023-жылдын 1-январына карата Токмок шаарынын мэриясынын балансында "Токмок сууканал" муниципалдык ишканасынын карызы 19 062,6 миң сом өлчөмүндө чагылдырылгандыгы аныкталган, ал эми өз ара эсептешүү актысына ылайык, 2022-жылдын 31-декабрына карата карыз 25 714,8 миң сомду түзөт. Ошентип, **6 652,2** миң сом суммасындагы дебитордук карыз жашырылган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө 6 652,2 миң сом суммасында жашырылган дебитордук карыз бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү менен, баланста чагылдырылгандыгы эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карыздарды өз убагында эсепке алуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Чымылдаков.

**Токмок шаардык кеңеши**

Кеңештин аппаратын күтүүгө бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын сметасы Токмок шаардык кеңешинин 2022-жылдын 28-январындагы №30/9-5 токтому менен, 7 573,3 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде бюджетке өзгөртүүлөр киргизилген, анын көлөмү 773,1 миң сомго азайтылган, такталган бюджет 6 800,2 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгашалар 5 716,7 миң сомго аткарылган, иш жүзүндөгү чыгашалар 5 683,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Мурдагы аудитте, Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 5-августундагы № 452 “Кыргыз Республикасынын республикалык, облустук, райондук маанидеги шаарларынын шаардык кеңештеринин жана райондук кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө” токтомун бузуу менен, штаттык санынан тышкары тазалоочунун бирдиги киргизилгендиги аныкталган. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жазма буйругуна ылайык, 2022-жылдын 1-июнунан тартып тазалоочунун кызмат орду кыскартылган. Ошону менен бирге, 2022-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 1-июнуна чейин тазалоочу кызматын ээлеген кызматкерлерге **105,2** миң сом өлчөмүндө эмгек акы, анын ичинде Социалдык фондго 15,5 миң сом чегерүүлөр негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Токмок шаардык кеңешинин штаттык саны Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 5-августундагы № 452 “Кыргыз Республикасынын республикалык, облустук, райондук маанидеги шаарларынын шаардык кеңештеринин жана райондук кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө” токтомуна шайкеш келтирилгендиги эске алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Чымылдаков.

**Токмок шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы**

2022-жылга сметасы 125 272,3 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 204 823,2 миң сомго такталган. Кассалык чыгымдар 196 827,1 миң сомду түзгөн, же такталган сметадан 7 996,1 миң сомго аз, же 96,1% аткарылган. Иш жүзүндө чыгашалар 110 591,4 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун, жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, 391,9 миң сом калыбына келтирилген эмес (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилигин каралсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын аткарылышы камсыздалсын. Кыска мөөнөттө подрядчылардан 391,9 миң сом өндүрүлсүн жана бюджетке калыбына келтирилсин (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 9 кызматкер кабыл алынган, аларга **1 036,8** миң сом негизсиз төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 152,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин талаптары так жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы Токмок шаарынын ММБнын жер участокторун ижарага берүү келишимдерин түзүүнүн тууралыгына аудит жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону жана Токмок шаардык кеңешинин 2019-жылдын 5-сентябрындагы №219/30-4 токтомун бузуу менен, аянты 3 590 кв. метр жер участогу 3 ижарачыга ижара акысын **176,2** миң сомго төмөндөтүү менен ижарага берилген.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө: А.Ступниковго – 125,7 миң сом; Ж. Набиевге – 38,5 миң сом; Р. Жунушалиевге – 11,8 миң сом ижара акысы кошумча эсептелгендиги эске алынсын. Мындан ары, муниципалдык жерлерди ижарага берүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобонун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 374-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, мүлк салыгы (биздин учурда-жер салыгы) "салыктын суммасын келишимде бөлүп көрсөтүү менен мүлк объекттерин ижарага берүү келишиминин

алкагында ижарачыдан ижарага берүүчү тарабынан, ал ижарага берүүчү тарабынан бюджетке төлөнөт".

Бирок, жер участокторуна ижара келишимдерин түзүүдө, жер салыгынын суммасы бөлүнгөн эмес, жана натыйжада, ижарачылар тарабынан төлөнгөн эмес. Токмок шаарынын МСКБ тарабынан берилген жер салыгын кошуп эсептөө боюнча маалыматтык эсептөөлөргө ылайык, жалпы аянты 235 582 кв. метрге **799,3** миң сом жер салыгы эсептелген. Бул сумма жергиликтүү бюджеттин жоготуусу болуп эсептелет, анткени ММБ тарабынан ижарачылардан өндүрүүнүн ордуна, 286,9 миң сом суммасында жер салыгы тиешелүү бюджетке которулган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жер участокторуна ижара келишимдерин түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 374-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, жер салыгын ижарачылар тарабынан төлөөлөр каралсын. Ижарачылардан 799,3 миң сом суммасында жер салыгы өндүрүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Токмок шаарынын ММБсы буюртмачы болуп саналган, аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштин көлөмүнүн жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "Токмок шаарынын эски жер алдындагы өтмөктү (автовокзал району) калыбына келтирүү" объектиси боюнча подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан **266,8** миң сомго;
- "Токмок шаарынын №12 орто мектебинин жылытуу системасын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Грифон Сервис" ЖЧКсы тарабынан **49,7** миң сомго;
- "Токмок шаарынын №9 орто мектебинин аймагында кичи-футбол аянтчасын куруу" объекти боюнча подрядчы"СТРиМ ГРУПП" ЖЧКсы тарабынан **31,7** миң сомго.

Бардыгы 348,2 миң сом.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган иштердин жогорулатылган көлөмдөрүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Токмок шаарынын эски жер алдындагы өтмөктү (автовокзал району) калыбына келтирүү" объектиси боюнча подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан **266,8** миң сом;
- "Токмок шаарынын №12 орто мектебинин жылытуу системасын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Грифон Сервис" ЖЧКсы тарабынан **49,7** миң сом;
- "Токмок шаарынын №9 орто мектебинин аймагында кичи-футбол аянтчасын куруу" объекти боюнча подрядчы"СТРиМ ГРУПП" ЖЧКсы тарабынан **31,7** миң сом.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Токмок шаарынын ММБсы буюртмачы болуп саналган, аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштердин наркынын жогорулагандыгы аныкталган:

- "Токмок шаарынын маданият үйүнүн чатырын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Кемегер Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан **118,4** миң сомго;
- "Токмок шаарынын мэриясынын имаратын жана тосмолорун учурдагы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Базальт групп" ЖЧКсы тарабынан 48,0 миң сомго;
- "Жол тосмосун (аралчаны) куруу" объектиси боюнча подрядчы"Грифон Сервис" ЖЧКсытарабынан **34,6** миң сомго;
- "Автожолдо металл тосмо орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "Грифон Сервис" ЖЧКсы тарабынан **16,5** миң сомго;
- "Токмок шаарынын жолдорун туташ асфальттоо" объектиси боюнча подрядчы "Дили" ЖЧКсы тарабынан **29,2** миң сомго;

- "Токмок шаарынын Комсомольская көчөсүн Жеңиш көчөсүнөн Борончиев көчөсүнө чейин толук асфальттоо" объектиси боюнча подрядчы"Дили" ЖЧКсы тарабынан **10,6** миң сомго;

- "Токмок шаарынын жолдорун учурдагы (чуңкурларды) оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Южоррстрой" ЖЧКсы тарабынан **20,3** миң сомго;

- "Токмок шаарынын № 2 жана №12 орто мектептеринин тамак-аш блокторун учурдагы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Заман-Курулуш" ЖЧКсы тарабынан **13,5** миң сомго;

- "Токмок шаарынын Чүй-Дан-Азык" МЧБУнун имаратын учурдагы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Заман-Курулуш" ЖЧКсы тарабынан **6,6** миң сомго.

Бардыгы 297,7 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын наркынын жогорулашын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Токмок шаарынын маданият үйүнүн чатырын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Кемегер Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан 118,4 миң сом;

- "Токмок шаарынын мэриясынын имаратын жана тосмолорун учурдагы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Базальт групп" ЖЧКсы тарабынан 48,0 миң сом;

- "Жол тосмосун (аралчаны) куруу" объектиси боюнча подрядчы"Грифон Сервис" ЖЧКсытарабынан 34,6 миң сом;

- "Автожолдо металл тосмо орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "Грифон Сервис" ЖЧКсы тарабынан 16,5 миң сом;

- "Токмок шаарынын жолдорун туташ асфальттоо" объектиси боюнча подрядчы "Дили" ЖЧКсы тарабынан 29,2 миң сом;

- "Токмок шаарынын Комсомольская көчөсүн Жеңиш көчөсүнөн Борончиев көчөсүнө чейин толук асфальттоо" объектиси боюнча подрядчы"Дили" ЖЧКсы тарабынан 10,6 миң сом;

- "Токмок шаарынын жолдорун учурдагы (чуңкурларды) оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Южоррстрой" ЖЧКсы тарабынан 20,3 миң сом;

- "Токмок шаарынын № 2 жана №12 орто мектептеринин тамак-аш блокторун учурдагы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Заман-Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 13,5 миң сом;

- "Токмок шаарынын Чүй-Дан-Азык" МЧБУнун имаратын учурдагы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Заман-Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 6,6 миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Н. Тургунбаев, Т. Осорбаев, Д. Кубанычбеков.

**Токмок шаарынын маданият бөлүмү**

2022 – жылга чыгашалар сметасы 15 836,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 21 806,6 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 20 097,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 19 775,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтомунун 4-бөлүгүнүн 15-пунктун бузуу менен, атайын эсептин каражаттарынын эсебинен короо тазалыгычтын штаттык бирдиги киргизилген, негизсиз төлөмдөр бардыгы **53,3** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**:

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтомунун талаптары так аткарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2021-жылдын аягына **2,4** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С. Байбосунов.

**“Менин шаарым Токмок-Мой город Токмок” муниципалдык ишканасы**

2022 – жылга бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасы 3 298,3 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 4 073,8 миң сомго тактaлган, кассалык чыгашалар 3 937,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 3 676,2 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын башына карата атайын эсептин каражаттарынын калдыгы 503,1 миң сомду түзгөн. Атайын эсептин каражаттарынын сметасынын киреше бөлүгү 450,0 миң сомго бекитилген, иш жүзүндөгү киреше 298,0 миң сомду түзгөн, же план 59,2% аткарылган.

Атайын эсептин каражаттарынын сметасынын чыгаша бөлүгү 953,1 миң сомго тактaлган, кассалык чыгаша 254,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 309,7 миң сомду түзгөн. Жылдын акырына карата атайын эсептин каражаттарынын калдыгы 57,2 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 107-беренесин бузуу менен, айдоочу А. Исаковго ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн **26,4** миң сом төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 3,9 миң сом, тастыктоочу документтери жок (жумуш убактысын пайдалануу табели, иш жүзүндөгү иштер жөнүндө отчет ж. б.)

**Сунуштама:**

Мындан ары, ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 107-беренесинин талаптары так сакталсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы атайын эсептин каражаттарынын эсебинен киреше бөлүгүнүн планы 59,2% гана аткарылгандыгына карабастан, кызматкерлерге **102,1** миң сом өлчөмүндө компенсациялык төлөмдөр эсептелген, анын натыйжасында, 2022-жылдын 31-декабрына карата бул суммага кредитордук карыз болгон.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерге компенсациялык төлөмдөр, финансылык мүмкүнчүлүктөр болгон учурда төлөнсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С. Байбосунов.

**Токмок шаарынын коммуналдык ишканалар комбинаты**

2022 – жылдагы кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү отчетко ылайык, киреше – операциялык иштен негизги киреше 31 792,6 миң сомду, операциялык иштен башка кирешелер 361,0 миң сомду, операциялык чыгашалар 32 314,4 миң сомду түзгөн, натыйжада 160,8 миң сом чыгым алынган.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 332-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген Айкалыштырып иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө Жобону бузуу менен, аудит мезгилинде бухгалтер К.Усубалиевага айкалыштырып иштегендиги үчүн (бардыгы 1,7 ставка) 0,6 миң сом Социалдык фондго чегерүүлөрдү кошкондо, **4,3** миң сом негизсиз эсептелген жана төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айкалыштырып иштегендиги үчүн төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 332-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы токтому менен бекитилген Айкалыштырып иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө жободо белгиленген ченемдер так жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 198 жана 199-беренелерин бузуу менен, аудит мезгилинде салык органына **87,2** миң сом суммасында киреше салыгы толук которулбай калган.

**Сунуштама:**

87,2 миң сом суммасында эсептелбеген киреше салыгын төлөө жүргүзүлсүн. Мындан ары, эмгек акыдан киреше салыгын эсептөө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 198 жана 199-беренелеринин талаптарына шайкеш жүргүзүлсүн, киреше салыгы боюнча төлөмдөрдүн өз убагында эсептелиши жана мамлекеттик бюджетке которулушу көзөмөлдөнсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, аудит мезгилинде **144,2** миң сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрү которулбай калган.

**Сунуштама:**

**144,2** миң сом суммасында эсептелбеген камсыздандыруу төгүмдөрү тиешелүү бюджетке которулсун. Мындан ары, эмгек акыдан камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускамага шайкеш жүргүзүлсүн, камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында эсептөөгө жана мамлекеттик бюджетке чегерүүгө көзөмөл жүргүзүлсүн.

Аудитти жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Токоматов

**"Токмок Жылуулук" муниципалдык ишканасы**

2022-жылдыны кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетуна ылайык, киреше-операциялык иштен алынган негизги киреше 75 630,1 миң сомду түзгөн, товарларды жана кызматтарды сатуунун өздүк наркы 85 344,8 миң сомду түзгөн, натыйжада 9 714,7 миң сом зыян тартылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Келерки жылга каржы планы жана ишкананын техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү түзүлгөн эмес. Акыркы жолу, ишкананын техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү 2019-жылы бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, өткөн жылдагы иштин көрсөткүчтөрүн, дебитордук жана кредитордук карыздарды ж. б. талдоону эске алуу менен, жыл сайын келерки жылга ишкананын финансылык планы түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылы 19 615,57 Гкал жылуулук энергиясы иштелип чыккан, анын ичинен 9 371,47 Гкал жылуулук энергиясы сатылган, өздүк керектөөлөргө чыгаша-460,96 Гкал түзгөн. Мында, жоготуу 9 783,14 Гкал, же өндүрүлгөн жылуулук энергиясынын 49,9 пайызын түзгөн. Мындай олуттуу жоготуулар, ишкананын чыгашалуулугуна түздөн-түз таасирин тийгизген.

**Сунуштама:**

Өндүрүлгөн жылуулук энергиясын жоготуу себептери кылдат талдансын. Жылуулук энергиясынын жоготууларын азайтуу боюнча зарыл иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Иштелип чыккан жылуулук энергиясын пайдалуу берүү 9 371,47 Гкал түзгөн, анын ичинде: калкка – 5 959,02 Гкал, өнөр жай жана башка керектөөчүлөргө – 11,81 Гкал жана бюджеттик керектөөчүлөргө – 3 400,64 Гкал.

Ишкананын кирешеси 2022-жылы 75 630,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен калктан – 48 091,2 миң сом (субсидия – 41 329,2 миң сом), бюджеттик керектөөчүлөр – 27 443,6 миң сом, өнөр жай жана башка керектөөчүлөр-95,3 миң сом. Ошол эле учурда, ишкананын талап кылынган кирешеси 85 344,8 миң сомду түзгөн

Көрүнүп тургандай, аудит мезгилинде республикалык бюджеттен 41 329,2 миң сом өлчөмүндө субсидиялар алынган. Ошону менен бирге, техникалык-экономикалык көрсөткүчтөргө ылайык, иштелип чыккан жылуулук энергиясынын пландык өздүк наркы 8 069,05 сом/Гкал бекитилген, мында анын иш жүзүндөгү өздүк наркы 2022-жылы 9 106,86 сомду/Гкал түзгөн, же бекитилгенден 1 037,81 сомго/Гкал жогору, бул пландык өздүк нарктын 12,9 пайызын түзөт.

Ишкана тарабынан иштелип чыккан жылуулук энергиясынын иш жүзүндөгү өздүк наркы анын пландык өздүк наркынан 1 037,81 сомго/Гкал ашык болгондугуна байланыштуу, "Токмок Жылуулук" муниципалдык ишканасын мамлекеттик колдоо иш жүзүндө жумшалган чыгымдарды толук өлчөмдө компенсациялай албай тургандыгын белгилей кетүү зарыл.

**Сунуштама:**

Ишкана тарабынан иштелип чыккан жылуулук энергиясынын иш жүзүндөгү өздүк наркы анын пландык өздүк наркынан кыйла жогору болушунун себептерине кылдат талдоо жүргүзүлсүн. Ишкананын чыгымдарын азайтуу үчүн зарыл болгон иш-чаралардын комплекси кабыл алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкананын дебитордук жана кредитордук карыздары өткөн жылга салыштырмалуу бир аз азайганын талдоо көрсөтүп турат. Ошону менен бирге, бул көйгөйдүн курчтугу сакталууда. Алсак, ишкананын дебитордук карызы 2023-жылдын 1-январына карата 20 719,8 миң сомду түзгөн, анын ичинде калктын карызы - 2 484,3 миң сом, башка керектөөчүлөр – 95,8 миң сом жана субсидиялар-18 516,3 миң сом.

Ишкананын 2023-жылдын 1-январына карата кредитордук карызы 22 780,7 миң сомду, анын ичинде "Газпром Кыргызстан" ЖЧК - 21 587,9 миң сомду жана башка керектөөчүлөр – 1 192,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Ишкананын дебитордук жана кредитордук карыздарынын деңгээлин мындан ары төмөндөтүү боюнча зарыл чаралар көрүлсүн. Калктын дебитордук карыздарын өндүрүүгө өзгөчө көңүл бурулсун.

Аудит жүргүзгөн.мамлекеттик инспектор К. Чымылдаков

**"Токмок суу канал" муниципалдык ишканасы**

2022 – жылын кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетуна ылайык, түшкөн каражат-операциялык иштен алынган негизги киреше 53 438,1 миң сомду, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун өздүк наркы 56 484,2 миң сомду түзгөн. Операциялык иштерден 1 432,6 миң сом башка кирешелер алынган, операциялык

чыгашалар 6 847,2 миң сомду түзгөн, пайыздар боюнча чыгашалар 2 249,9 миң сомду түзгөн, чет өлкөлүк валюта менен операциялар боюнча курстук айырмадан чыгымдар 8 549,2 миң сомду түзгөн. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча ишкана 11 207,6 миң сом зыян тарткан.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун, жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, 3 701,5 миң сом калыбына келтирилген эмес (материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 2 681,4 миң сом, курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 208,6 миң сом, эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз -1 050,1 миң сом).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилигин каралсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыздалсын. Кыска мөөнөттө 3 701,5 миң сом калыбына келтирилсин (материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 2 681,4 миң сом, курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 1 050,1 миң сом).

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде ишкананын чыгашасы жогору болгон учурда, кызматкерлерге **92,7** миң сом суммасында сый акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, каржылоо булагы жок, материалдык сыйлыктарды төлөө практикасы токтотулсун. Сый акы берүү финансы-чарбалык иштин жыйынтыгы боюнча финансылык-өндүрүштүк көрсөткүчтөр жакшы болгон учурда, бөлүштүрүлбөгөн пайданын каражаттарынан түзүлгөн фонддун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ш. Абдулаев.

**"Токмок турак жай-эксплуатациялык участогу" муниципалдык ишканасы**

2022-жылдын кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетуна ылайык, киреше-операциялык иштен алынган негизги киреше 1 212,3 миң сомду түзгөн, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун өздүк наркы 1 212,3 миң сомду түзгөн, пайда же зыян алынган эмес. Бирдиктүү салык декларациясында 1 212,3 миң сом суммасында салык салынбаган кирешелер көрсөтүлгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга карата каржы планы жана ишкананын техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү **түзүлгөн эмес.**

**Сунуштама**:

Мындан ары, жыл сайын келерки жылга ишкананын финансылык планы, өткөн жылдагы иштин көрсөткүчтөрүн, дебитордук жана кредитордук карыздарды ж. б. талдоону эске алуу менен түзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн.мамлекеттик инспектор Чымылдаков К.

**"Токмок Тазалык" муниципалдык ишканасы**

2022-жылдын кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетуна ылайык, киреше – операциялык иштен негизги киреше 15 450,4 миң сомду түзгөн, операциялык иштен

башка чыгашалар 14 803,2 миң сомду түзгөн, жалпы административдик чыгашалар 2 550,3 миң сомду, сатуу боюнча чыгашалар 1 194,2 миң сомду түзгөн, натыйжада 3 097,3 миң сом зыян тартылган.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону бузуу менен, кызматкерлерге жумуш орундарын тиешелүү аттестациялоосуз, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча акылар эсептелген жана төлөнгөн. Жалпысынан негизсиз төлөмдөрдүн суммасы **882,4** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз эмгектин зыяндуу шарттары үчүн үстөк акы төлөө токтотулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын ичинде ишкананын чыгашасы жогору болгон учурда, кызматкерлерге **147,6** миң сом суммасында сый акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, каржылоо булагы жок, материалдык сыйлыктарды төлөө практикасы токтотулсун. Сыйлоо финансы-чарбалык иштин жыйынтыгы боюнча финансылык-өндүрүштүк көрсөткүчтөр жакшы болгон учурда, бөлүштүрүлбөгөн пайданын каражаттарынан түзүлгөн фонддун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлсүн.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамын жана ФОЭСтин талаптарын бузуу менен, накталай эсептешүү менен сатылып алынган товардык-материалдык баалуулуктар кампага иш жүзүндө түшпөй жана кириштелбей туруп, орнотуу актысыз түздөн-түз эсептен чыгарылган. 2022-жылы ушул жол менен эсептен чыгарылган материалдык баалуулуктардын жалпы наркы 1 176,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Товардык-материалдык баалуулуктарды кириштебестен, эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктарды жүгүртүүдө Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана ФОЭСтин талаптарынын так сакталышы камсыз кылынсын.

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасын бузуу менен, спидометрдин иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрү жөнүндө тастыктоочу документтерсиз 2022-жылы жалпы суммасы 61,5 миң сомго КММ эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

Тастыктоочу документтери жок КММ эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, КММ эсептен чыгаруу, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынына ылайык жүргүзүлсүн.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкананын балансында 2022-жылдын 1-апрелиндеги кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына ылайык, Токмок шаарынын КИКнан бөлүнгөндөн кийин алынган 15 автотехникалык бирдик 17 479,2 миң сомго эсептелген. Мында, 4 155,5 миң сомго негизги каражаттардын топтолгон амортизациялык эсептөөлөрү "Токмок Тазалык" МИнин балансында эсепке алынган эмес.

**Сунуштама:**

4 155,5 миң сомго негизги каражаттардын топтолгон амортизациялык эсептөөлөрү" Токмок-Тазалык"МИнин балансында эсепке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Аширалиев

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде Токмок шаарынын мэриясынын төмөндө көрсөтүлгөн мекемелердинин жана ишканаларынын бюджеттеринин аткарылышы жана иши бардык олуттуу аспектилеринде аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

**Токмок шаарынын мэриясынын Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт бөлүмү**

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасы 245,7 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 151,2 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 149,4 миң сомго аткарылган, иш жүзүндөгү чыгашалар 150,2 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Чымылдаков.

**"Бактылуу балалык" үй-бүлөлүк типтеги балдар үйү**

2022 – жылга бюджеттик бөлүнгөн акча каражаттары боюнча чыгымдардын сметасы 3 865,4 миң сом суммасында бекитилген, 3 865,4 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 3 864,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 3 772,3 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж. Карабаев

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас облисттары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жетекчиси** **А.Б. Туркбаев**

Аткарган: мамлекеттик инспектор К. Чымылдаков, тел/факс 0(0312)623518